УДК:070:654.01

ТАГАЕВ Б. Т. АРАПОВ Ш. Ы.
Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек
TAGAEV B. T. ARAPOV SH. I.
J. Balasagyn KNU, Bishkek

КМШ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨ САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ

Методы внедрения цифровых технологий в странах СНГ

Use of digital technology in CIS countries

Макала КМШ өлкөлөрүндө санариптик технологияларды колдонуу ыкмаларына арналат. Макалада КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Россия федерациясы, Азербайжан, Армения, Өзбекстан, Казакстан мамлекеттеринин санариптик технологияга өтүү практикасы каралды. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүгө өтүүдөгү иш-аракеттери кеңири талдоого алынды.

Урунттуу сөздөр: санарип; санариптик технология; санариптик телерадиоберүү; аналогдук; жогорку тактыктагы; канал; мультиплекс.

Статья расссматривает применение цифровых технологий в странах СНГ. Показана практика перехода к цифровым технологиям в странх СНГ: Российской Федерации, Азербайджане, Армении, Узбекистане, Казахстане, в том числе была анализирована деятельность Кыргызской Республики по переходу к цифровому телерадиовещанию.

Ключевые слова: цифровой; цифровые технологии; цифровое телевидение, аналоговые; высокой четкости; канал; мультиплекс.

The article is intended for the use of digital technologies in countries CIS. The article deals with the practice of transition to digital technologies from countries CIS of the Russian Federation, Azerbaijan, Armenia, Uzbekistan, Kazakhstan. As well as the activity of the Kyrgyz Republic of transition to digital technologies was analyzed radio broadcasting.

Keywords: digital; digital technologies; digital television, analog; high definition; channel; multiplex.

Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине катышкан мамлекеттерде санариптик эфирдик телеберүүлөрдү жайылтууда кыйла алгылыктуу иштер аткарылды.□9□ Коңшу жайгашкан өлкөлөрдүн ичинен Россия санариптик телекөрсөтүүлөргө өтүү боюнча лидерликти алганынын айтсак болот. Анткени, Россияда бул кырдаал 1999-жылы Байланыш Министрлигинде «Россиянын аналогдук берүүлөрдөн санариптик телвизиондук көрсөтүүлөргө өтүү стратегиясы» деген документ кабыл алышып, 2004- жылдын май айында Россия Федерациясынын өкмөтүнүн жарлыгына ылайык 2015-жылга чейин санариптик эфирдик телеберүүгө DVB-T стандарты менен өтүүгө кол коюлган. 2010-жылдан тарта «Россиялык телеберүү жана радиоуктуруу тармагы» (Российская телевизионная и радиовещательная сеть РТРС) Россиядагы жер

үстүндөгү санариптик эфирдик телекөрсөтүүнүн курулушун DVB-T стандартында баштап, биринчи санариптик передатчиктер алгачкы жолу алыскы чыгыш Россияда колдонулган. Жагдайды Россия Федерациясынын өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-мартындагы №287-буйругу өзгөрткөн, анда

«Россия Федерациясынын перспективдүү радиотехнологияларынын радиожыштыктагы

планын колдонууда өсүшү»(План использования полос радиочастот в рамках развития перспективных радиотехнологий в Российской Федерации) деген буйруктун негизинде Орусия жаңы DVB-T2 стандартка өткөн. Ошол себептен 2012-жылдын 19-мартында Россиядагы тесттик эфирдик телеберүүлөр(анын ичинде Москвадагы 30-телеканал жана Санкт-Петербургдагы 35-телеканалдар да) жаңы DVB-T2 стандартына өткөн. Бирок, эмнегедир 2012-жылдын 24-мартында Москвада РТРС биринчи мультиплекстеги берүүлөрдү Останкино телемунарасында кайра эле жаңы DVB-T2 стандартынан мурдагы DVB-T стандартына которуп койгон. Айта кетүүчү жагдай Россияда DVB-T стандартында иштеген бир нече акы алуучу жеке менчик компаниялар бар. Мисал катары Екатеринбург шаарынын «Цифровое телевидение» компаниясын белгилесек болот. Россиянын эфирдик санариптик берүүлөр тармагында 20-24 канал кирет деп айтылган. 2010-жылдын февраль айында биринчи мультиплексте 10 каналдан болгону 9у гана иштеген. Бул көрүнүш Курск областындагы ийгиликтүү жарым жылдык аракеттерден кийин Хабаровкс крайындагы айылдардын биринде болуп, DVB-T стандарты аягында коюлуп ишке киришкен. Санариптик тармактардын куруу иштерине кеткен чыгымдык инвестиция 127 млрд. рублду чапчыйт. 2010-жылдан 2012-жылга чейин Россия Федерациясында DVB-T стандарты колдонулса, 2012-жылдан эфирдик санариптик берүүлөр бир гана DVB-T2 стандартында иштеп келет. Санариптик телеберүүлөргө өтүү кыймылы бул дүйнөлүк тенденцияны улай жүргөн кыймыл деп айтсак болот. Себеби, Орусия да башка Европа жана Азия өлкөлөрүндөй эле, Эл аралык электро байланыш союзунун жана Эл аралык

«Женева-2006» макулдугуна кол койгондуктан, Россия да санариптик телеберүүлөргө өтүүгө кадам шилтеп, DVB-T стандартын тандап, санариптик эфирдик телевизиондук берүүлөрдүн тармагынын курулушунун мөөнөтүн (ЦЭТВ-строительства сетей цифрового эфирного телевизионного вещания) 2015-жылга болжоп койгон[9].

2006-жылдагы Женевалык конвенция «2009-2015 жылдагы Россия Федерациясынын телерадиоберүүлөрүнүн өнүгүүсү» аттуу федералдык максаттуу программасына негизги түрткү болгон. Дал ушул программага ылайык Россиянын териториясындагы санариптик эфирдик телеберүүгө өтүү 4 этапка бөлүнөт. Россия Федерация боюнча санариптик эфирдик телеберүүлөрдү куруучу жана камсыздандыруучу бирдиктүү мамлекеттик оперотор бул «Орусиялык телевизиондук жана радиоуктуруу тармагы» (Российская телевизионная и радиовещательная сеть - РТРС) болуп эсептелинип, анын курамына бүгүнкү күндө республикалык, крайлык жана регионалдык филиалдардын областык радиотелеберүү боюнча борборлору(РТПЦ) кирет. Россия Федерациясы санариптик эфирдик телевизиондук берүүлөрүү үчүн тандап алган DVB-T2 стандарты технологиялык жактан бир эле убакта бир телевизиондук каналдагы жыштыкта бир нече берүүлөрдөгү программаларды жайылта алганга мүмкүнчүлүгү бар. Так ушул жол менен Россия аймагындагы бир пакеттеги бардык каналдар аймактык айырмачылыгына карабай бирдей көрсөтүлөт. Бул федералдык санариптик доолбоордун (ФЦП-федеральное цифровое

программа) эң башкы чоң жана кичине аймактардагы берилүүчү маалыматтык теңсиздикти жоюп, башкача айтканда санариптик телекөрсөтүү өлкө боюнча 97,6%ды өзүнө камтыйт. Бул дегени Россия Федерациясында жогорудагы көрсөтүлгөн пайызда өлкөдөгү бардык жарандар өз сыналгыларынан биринчи жана экинчи жыштыктагы (мультиплекс-пакет) санариптик телепрограммаларды көрө алышат. Биринчи телевизиондук пакетке жалпы орусиялык коомдук телеканалдар Россия Федерациясынын Президентинин 2009-жылы 24-июнундагы №715- жарлыгынын негизинде киришкен. Санариптик берүүнүн пакетинин курамына төмөнкү 10 канал кирген: «Первый канал»;

«Россия-1»; «Россия-2»; «НТВ»; «Петербург-Пятый канал»; «Россия-К»; «Россия-24»;

«Карусель»; «Общественное телевидение»; «ТВ Центр - Москва» [6].

2002-жылдын 14-декабрында Федералдык комиссия өткөргөн сынактын негизинде санариптик эфирдик телевизиондук 2-пакетке кирүүчү 10 каналдын курамы аныкталган. Алар: «REN-TV»; «Первый развлекательный СТС»; «Домашний»; «ТВ3»; «НТВ-ПЛЮС СПОРТ ПЛЮС»; «Национальная телевизионная компания «Звезда»; «МИР»; «ТНТ»;

«Муз»; «СПАС» [8].

Ал эми үчүнчү санариптик мультиплекс федералдык-регионалдык телеканалдардын пакети деп айтылып, ал экономикалык себептерден улам азырынча токтоп турат. Санариптик берүүлөргө өтүү үчүн аналогго таптакыр тиешеси жок жаңы технологиялык тармактары куруу Россия Федерациясында да кызуу жүрүп жатат. Аналогдук берүүлөр бул өлкөдө да санариптик телевизиондук сигналдарды калктын 95% пайызын тейлейт. Россиялык медиаэксперттер да санариптик берүүлөрдү аналогго караганда бир топ айырмаланып, ал телекөрүүчүлөргө көп программалуу берүүлөр менен биргеликте мыкты сапатты берет деп айтып келишет. Ушул себептен жогорудагы жолду тандап алышкан [9].

Азербайджан Республикасында алгачкы жолу санариптик телеберүү системасы пилоттук проект катары 2004-жылдын 10-октябрында Баку шаарында иштетиле баштаган. Андан ары санариптик телеберүүлөрө өтүү Азербайджанда бир нече этапка бөлүнгөн [9].

Биринчи этапта (2007–2010-жж.) Баку, Гяндже, Нахчыван шаарларында 4 каналдан турган 2 мультиплекс ишке киргизилген, жалпы республика боюнча 1 мультиплекс болгон. Санариптик берүүлөр калктын 60-70 пайызын тейлеген.

Экинчи этапта (2011–2013-жж.) санариптик берүүлөрдү кеңейтүү максатында Баку, Гяндже, Нахчыван шаарларына кошумча дагы 1 мультиплекс киргизилген. Жыйынтыгында санариптик берүү менен калктын 90% камсыз болгон.

Жыйынтыктоочу этапта (2014–2015-жж.) берүүлөрдүн сапатын жакшыртуу үчүн кошумча передатчиктер орнотулган. Санариптик телекөрсөтүү DVB-T, MPEG-4 стандарттары аркылуу иштеген жабдууларды колдонуу менен ишке ашат [9].

Арменияда санариптик эфирдик телеберүүлөргө өтүү 2009-жылдан башталып, 24 телекомпаниядан турган мамлекеттик санариптик берүүлөр тармагы тузүлгөн. Атап

айтканда, Ереванда 18 телеканал менен 12 радиостанциялары, ал эми өлкөнүн региондорунда 9 телеканал менен 4 радиостанция иш алып барган □9□ .

Алгач, Армения Республикасы толугу менен санариптик телеберүүгө 2016-жылдан баштап өтөт деп белгиленген, бул убакытка чейин колдонуучулар жаңы муундагы телевизоролорду, же санариптик сигналды кабыл алуучу декодер-приставкаларды алуусу керек болгон [4].

Бирок, 2016-жылдын 1-январынан баштап өлкөдө аналогдук телекөрсөтүүлөрдү өчүрүү болгон эмес, себеби калк санарипти кабыл алуучу жабдыктар менен камсыз болгон эмес.

2016-жылы Армения Республикасынын өкмөтүнүн чечими менен өлкөнүн аймагында аналогдук берүүлөр менен бирге, санариптик дагы берүүлөр DVB-T2, MPEG-4 стандарттары менен жүргүзүлгөн.

Мамлекет тарабынан калктын дээрлик бардыгы санариптик кабыл алуучу жабдыктар менен толук камсыз болмойунча аналогдук телеберүүлөр ошол жылдын аягына чейин улантылган. 2016-жылдын декабрь айында аналогдук берүүлөр толук өчүрүлгөн □4□.

Ал эми Өзбекстан өлкөсү бизге кошуна жайгашса да, бул жерде санариптик берүүлөргө өтүү жолун бизге салыштырмалуу бир топ эрте башташкан. Азыркы убакта Өзбекстанда жалпыга жеткиликтүү 12 канал DVB-T форматында берилет. Ал эми 2013-жылдын октябрь айында DVB-T2 Европалык стандартынын мультиплекси тесттик режимде берилип, 2015-жылда Өзбекстан толук бойдон санарипке өткөн□9□ .

Жалпыга маалымдоо каражаттары айрыкча телекөрсөтүүлөр жана радиоуктуруулар эгемендик жылында президент Ислам Каримов тарабынан көп реформаланды. Маанилүү бир реформа катары «Ар бир үйдө санарип» - деген ураан менен санариптик берүүлөргө өткөнүн айтсак болот. Мындайда санарип технологиясы салттуу делген телекөрсөтүүлөргө мыкты сапаты менен чоң таасирин тийгизди. Өзбекстан КМШ өлкөлөрдүн ичинен биринчилерден болуп 2007-жылы санариптик телекөрсөтүүлөргө өтө баштаган. Алгач санариптик телеберүүнүн пилоттук долбоору Ташкент жана Бухара шаарларында болуп өткөн. 2012-жылдын 17-апрелиндеги Өзбекстан республикасынын президентинин техникалык жана технологиялык санариптик берүүлөрдүн мамлекеттик программасы дал ушул тармактын өнүгүүсүнө жол ачкан. Бул документте Өзбекстандагы санариптик телкөрсөтүүлөрдүн ишке ашыруу этабы экиге бөлүнүп, биринчиси 2012-2015 жылдарга туура келсе, экинчи этабы болсо 2016-2017-жылга барып такалат деп маалымдалган. Бул эле эмес андан тышкары мобилдик телекөрсөтүү жана интерактивдүү телеберүү деген сыяктуу жаңы кызматтар каралган. Андан тышкары президентин жарлыгында санариптик телевизиондук сигналдарды өнүктүрүү да долбоордун бир бөлүгү. 2012-жылдын 30-июнунда Өзбекстан республикасынын президентинин кабыл алынган жарлыгына ылайык Өзбекстан мамлекеттик телерадиокомпаниясынын санариптик телеканалдардын санын көбөйтүү, аларды тоолук форматта пайдалануу,сапаттуу толтуруу жана кызмат көрсөтүү тууралуу жана да күнү түнү эфирге чыккан эки жаңы санариптик каналдарды чыгарган. Алар: «Маданият ва маърифат»(Культура и просвещение) экинчиси «Дунё буйлаб»(Вокруг света) болгон. Андан кийин эле «Яшлар» жабык акционердук коому тарабынан балдарга арналган «Болажон» санариптик каналы өз ишин баштаган. Өзбекстан республикасынын

санариптик берүүгө өтүүдө техникалык жана технологиялык программанын ишке ашыруу үчүн информация жана коммуникациялык технологияларды колдоо багытында UZDIGITAL компаниясы оператор катары жардамга келет. Жыйынтыгында санариптик берүүлөргө өтүү иши салыштырмалуу жеңилдеп бир топ алдыга жылган. Өзбекстан жер үстү менен берилүүчү санариптик телекөсөтүүлөрүнө Европа стандартын кабыл алган. Бүгүнкү күндө мамлекеттин 45% ы санарип менен камсыз кылынып анда Ташкент, Андижан, Бухара, Гулистан, Каршы, Самарканд, Кокон, Навои, Нукус жана Ургөнч аймактарында санариптик жабдыктар орнотулган. Жалпы Өзбекстандын аймагын санариптик телеберүүлөр менен 2017-жылдын аягына чейин камсыз кылуу пландалган. 2011-жылы Өзбекстанда жогорку тактыктагы телекөрсөтүү HDTV ишке ашкан. Азыркы тапта Өзбекстанда HD форматта 2 канал трансляцияланат «UzHD» жана

«O.zbekistonMTRKmedia-markazi». Так ушундай жолдор менен Өзбекстан телекөрсөтүүлөрү өнүгүп, ар бир үйдө бийик сапаттагы телеканалдар менен камсыз болушуна шек жок [11].

Казакстанда санариптик көрсөтүүгө өтүү иш чаралары төмөнкү этаптарды камтыйт.

Биринчи этап - бул 2001-жылы спутникалык телеберүүлөрдү DVB-S2 стандартында берген. Дал ушул стандартта коюу калкты спутникалык телеберүүлөр менен камсыздоо сыяктуу маанилүү суроолорду чечкен[9] .

Экинчи этап болсо аналогдук эфирдик тармакты толугу менен санариптик эфирдик берүүгө модернизациялап, 2011-2015- жылдарда өткөрүү каралган. Санариптик берүүлөргө өтүү боюнча 2010-2011-жылдары Казак жергесинде бир нече даярдоочу иш чаралар көрүлгөн. Алардын бири 2010-жылы DVB-T жана DVB-T2 түрүндөгү эки санариптик эфирдик берүүдөгү стандартты сынап көрүшкөн.Сынак иштеринин жыйынтыгында санариптик телеберүүлөрдүн улуттук стандарты катары Казакстан өзүнө DVB-T2 стандартын бир топ артыкчылыктары менен тандап алган. Санариптик эфирдик берүүлөрдү башкаруу үчүн бирдиктүү «Көк-Төбө» телемунарасы курулган. Улуттук тармактагы санариптик эфирдик телеберүүлөр боюнча аткарылган жумуштардын жыйынтыгында Астана, Алматы, Караганда, Жезказган, Жаңы өзөн шаарларында эксплуатация жүргөн. Дал ушул этабында 370 калк жайгашкан аймактардагы 3,5 млн казак калкына санариптик эфирдик телеберүүнү көрүү мүмкүнчүлүгү жаралган. 2013-жылдан тарта жогорудагы 5 шаардан башка дагы 13 областтык борборлордо Өзбекстан, Кыргызстан, Кытай, Түркмөнстан жана Орусия менен чектешкен жерлеринде санариптик берүүнү жайылтуу иштери максаттуу жасалган. Казакстандын тургундарында азыр эле

«OTAU TV» улуттук спутникалык телеберүүнүн жардамы менен санарипти 100% ыз

көрүү мүмкүнчүлүгү бар. Санариптик берүүдөн тышкары эле санариптик стандарт телеканаларды бийик тактыкта HD форматта көрсөтөт. Санарип стандартындагы телерадио берүү боюнча милдеттемени «Казтелерадио» Акционердик коомунун мойнуна жүктөшкөн. Казакстан Орто Азия боюнча DVB-T2 Европалык санарип стандартын кабыл алган өлкө болуп саналат. Ошол эле учурда Орусия сыяктуу державалар санариптин биринчи чыккан DVB-T стандартын колдонушуп, Казакстандан кийин гана DVB-T2 стандартына өтүшкөн. Аналогду өчүрүп толук бойдон санариптик телеберүүлөргө өтүүнү Казакстан 2019-жылга болжолдоодо [1].

Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу маселелери менен бирге, сапаттуу берүү аркылуу калктын маалыматтын ачыктыгына болгон муктаждыктарын канааттандыруу көйгөйлөрү менен түздөн-түз байланышкан. Санариптик берүү телеберүүнү гана эмес, ошондой эле, коммуникациянын бардык тармактарын да камтыйт [2].

Кыргызстан 1994-жылдан бери Эл аралык электр байланыш союзунун мүчөсү болуп саналат. Ошондуктан, дүйнөнүн башка 103 өлкөсү менен катары 2006-жылы Женевада өткөн Аймактык радио байланыш конференциясында санариптик берүүгө өтүү планына кошулган («Женева-2006» планы).

Телевизиондук берүү үчүн мындай План биринчи жолу 1961-жылы Стокгольмдо кабыл алынган (План «Стокгольм 61»). «Стокгольм 61» Планын кабыл алуу бул өлкөлөрдөгү телевизиондук берүүнү өнүктүрүүнүн өтө кубаттуу ылдамдаткычтарынан болуп саналган. Анткени, ал мамлекет аралык координацияга убакыт кетирбестен, башка өлкөлөргө көз каранды болбостон өз өлкөсүндө аналогдук телевизиондук көрсөтүүнү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген [9].

Бирок 2000-жылга карата санариптик берүү үчүн ушуга окшогон планды кабыл алуу муктаждыгы келип чыккан. 2004-жылы Женевада биринчи Аймактык конференция, ал эми 2006-жылы радиобайланыш экинчи Аймактык конференциясы өткөрүлүп, анда санариптик берүүнүн аймактык Келишими жана акыркы Планы кабыл алынган (План

«Женева 06) [2].

2011-жылы санариптик телеберүүгө өтүү боюнча атайын Мамлекеттик программа кабыл алынган. Аталган программага ылайык, санарип тармактарынын курулушу

«Санарип технологиялары» ЖЧКсына(Жоопкерчилиги чектелген коом) бириккен «Кыргызтелеком» мамлекеттик байланыш оператору менен катар жеке байланыш операторлору тарабынан да бирдей эле учурда жүрүп жатат.«Санарип технологиялары» ЖЧКсы мамлекет акысыз бөлүп берген 2 мультиплекске 22 жеке телеканалды бириктирди.Дагы 4 мультиплекс «Кыргызтелеком» ААКсынын мамлекеттик филиалы болгон «РПО РМТР» (WWW.RPO.kg) ААКсына бөлүнгөн. Муну менен аталган ААКсына Кыргызстандын 95% пайызы аймагын санариптик сигналды кабыл алууну камсыз кылуучу тармактарды куруу милдети жүктөлгөн. Мындан сырткары, калк үчүн акысыз программалардын Социалдык мультиплексине кирген телеканалдардын сегизи жалпы улуттук ал эми жетөө аймактык болуп саналат. Калктын социалдык жактан аз камсыз болгон катмарынын санарипке өтүүсүн жеңилдетүү максатында ресиверлерди сатып алуу жана аларга акысыз берүү үчүн да бюджеттен каражат каралган.Кыргызстан санариптик берүүгө өтүү процессин негизги 4 этапка бөлүп караган:

Биринчи этап 2014-жылдын 6-ноябрында, «РПО РМТР» ААКсынын Ош, Жалал-Абад, Талас жана Чүй облустарындагы 9 радиолиниялык станцияларынын передатчиктери тесттик режимде ишке киргизилүүсү менен аяктаган.

Экинчи этап 2015-жылдын май айында аяктайт жана ал передатчиктердин Ош, Жалал-Абад, Нарын жана Ысык-Көл болустарында орнотулуусун болжолдойт.

3-этап 2015-жылдын июнь айында башталып, ушул эле жылдын октябрь айынын аягында Ош, Жалал-Абад, Нарын жана Ысык-Көл болустарында 24 радиолиниялык станцияларда передатчиктердин орнотулушу менен аяктайт.

4-этап 2016-жылдын сентябрь айында Баткен облусунда передатчиктерди орнотуу менен жыйынтыкталат [7].

Ошентип, 2016-жылдын сентябрь айына карата Кыргызстандын 95% калкы санариптик телеберүүнү көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ар бир этап төмөндөгүчө ишке ашкан. 2011-жылдын 2-ноябрындагы КРөнүн «КРда санариптик телеберүүлөргө өтүү жөнүндө» токтомун аткаруу боюнча төмөндөгү иштер аткарылган жана аткарылууда: 2014-жылы Кыргыз Республикасында санариптик телеберүүлөрдүн(СТБ) социалдык пакетин (1-мультиплекс) куруу боюнча техникалык иш-чаралардын Планы бекитилген. 17-июнь, 2014-жылы санариптик берүүлөр үчүн тендер өткөрүлүп, Украинанын «Квант-Эфир» НПП компаниясы менен келишим түзүлгөн. СТБ тармагын бүткүл республика боюнча 4 этапта куруу пландаштырылган. 1-этапта чек арага жакын райондордо 9 өткөргүч орнотулуп жана 2014-жылдын 1-ноябрында ишке киргизилди, ошону менен Кыргыз Республикасынын калкын камтуу 60% ды түздү. Азыркы учурда СТБ боюнча техникалык иш чаралардын Планынын 2-этабы ишке ашырылууда, ал санариптик телеберүүлөр менен КРнын калк жыш жайгашкан пунктарын Жалалабад, Нарын жана Ысык-Көл облустарын камтууга мүмкүндүк берет. Санариптик ТБ өткөргүчтөрү 10 бирдик санында алып келинди жана КРөнүн алдындагы БМА сертификатоодон өттү. Жакынкы арада ААК

«РМТР РөБ» жабдууну мантаждоого киришет. Санариптик ТБ өткөргүчтөрү 10чу жана РРС-6/1 «Түштүк-1»(Арсланбап тоосу жайгашкан), РРС-30 «Араван», РРС-32 «Ноокат», РРС-54 «Таш Көмүр»,РРС-45 «Майлы сай», РРС-34 «Гүлчө», РРС-49 «Чоң-Алай», РРС-57

«Даарот-Коргон», РРС-60 «Терек»(Алай району) жана Көк Таш АТР(Ала-Бука району) аталган(РРС) ААК «РМТР РөБ» ААК радиорейлик станцияларынан төмөн орнотулат. Эскертүү: «Ала-Мышык» (Нарын) РРС-13 жана «Оргочтор» (Жети өгүз району) РРС-10 санариптик ТБ өткөргүчтөрү жеткирип берүүчүнүн жөнөтүү стадиясында тура СТБ боюнча техникалык иш-чаралардын Планынын 3-этабы 2015-жылдын октябрь айынын аягына чейин ишке ашырылышы керек. Бул этап 10дон 1000 Вт кубатуулуктагы санариптик ТБ өткөргүчтөрүнөн 24 сатып алууну жана ишке киргизүнүн өзүнө камтыйт. Бул жабдуу ААК «РМТ РөБ» обьектеринде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын алыскы Нарын, Ысык-Көл, Жалал-Абад облустарынын калк жайгашкан пункттарына орнотулат.

СТБ боюнча техникалык иш-чаралардын Планынын 3-этабын ишке ашыруу КРнын Жалал-Абад облустарынын калк жайгашкан пунктарына орнотулат.

2016-жылы Баткен облусундагы пилоттук долбоорго ылайык 96% камтылган бул жалпы камтуунун 10% түзөт. Баткен облусунун СТБ тармагын модернизациялоо 2016- жылы ишке ашырылат. Ошондой эле, 2015-жылдын 14-майындагы КР Вице-премьер-министринин кеңешмесинин Протоколуна ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында аналогдук берүүлөрдү толук өчүрүүгө даярдык боюнча 2015-жылдын 1-ноябрына чейинки мөөнөттө тиешелүү иш чаралардын Планын иштеп чыгуу пландаштырылган [7].

Санариптик технолологиялардын келиши ал өз кезегинде Кыргызстандын телеберүүсүнө чоң таасирин тийгизди. Себеби, салыштырмалуу мурда аналогдук телеберүүдө кыргыз телекөрүүчүлөрү болгону максималдуу түрдө 4-5 канал (КТР, ЭлТР, 5-канал жана ар бир региондун өз телеканалдары) гана көрүп келишсе, азыркы учурда социалдык пакетте 15 канал (КТРК, ЭлТР, 5-канал, Мир, СТВ, Музыка, Маданият, Баластан, Спорт,Пирамида жана ар бир облустун өздүк каналдарды) көрүшөт. Бул болгону Кыргызстандагы телекөрүүчүлөр бекер көрүүчү мамлекеттик санариптик каналдар булардан тышкары ЖЧК «Санариптик технологиялар» аталыштагы 22 канал бар. Аларды телекөрүүчүлөр акы төлөп табитине жараша дагы көбүүрөк канал тандап көргөнү мүмкүнчүлүктөрү бар. Мамлекет каржылаган бекер санариптик каналдардан тышкары телекөрөрман өз каалосу менен табитине жараша каналына өз каражатына каалаган каналын көрө беришет. Бара-бара мындай санариптик каналдардын саны бир топко жетет деп медиа эксперттер божомолдорун айтып келет. Санариптик телеберүүлөрдүн келиши менен санариптик каналдар көбөйүп, ал жерге иштөөчү журналисттер, операторлор жана башка техникалык адистер керектелүүдө. Кыргызстан азыр анчалык эле көп каналды иштетүүгө каржылык жана кадрлык жактан аксап келет. Каналдардын көбөйүшү атаандаштык менен сапатты алып келгени менен мындай кадамга мамлекет толук даяр эмес экени ачык маселе бойдон калууда.

Пайдаланган булактардын тизмеси

1. Абитова Р. О. Услуга цифрового эфирного телевидения. Интернет-портал АО «Казтелерадио». http://otautv.kz/c/199

2. Аданбаев А.М. Технические аспекты при отключении аналогового телевидения в Кыргызской Республике. Электронный научно-практический журнал «Современные научные исследования и инновации», февраль 2016. http://web.snauka.ru/issues/2016/02/65064

3. Алымбаев М., Шаршембиев Б. Биздегидей аппарат Орто Азия мамлекеттеринин биринде жок // Фабула – 2015. – 21-апрель, 8-бет.

4. Аналоговое телевидение в Армении будет отключено весной. Интернет издание “Арка- Телеком”. http://telecom.arka.am/ru/news/telecom/analogovoe_televidenie_v_armenii_budet_otklyucheno_v esnoy_amalyan_/

5. Бутенко В. В. Основные направления развития цифрового ТВ-вещания в России. ISSN 0013-5771. «Электросвязь» № 11, 2013, с. 19–23.

6. Засурский Я. Н. Российский ТВ перед цифровым поворотом. – Москва:. – 2005.

7. Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү саясаты: кырдаалды баалоо жана жарандык коомдун сунуштары. – Б.: 2014. – 98 б.

8. Лейтес Л. С. Развитие техники ТВ-вещания в России. - М:. Святограф. – 2005. – С. 224.

9. О развитии цифрового эфирного телевещания в государствах-участниках СНГ: возможности и перспективы сотрудничества (информационно-аналитический материал). – Москва 2016. http://www.e-cis.info/foto/pages/25744.docx

10. Салямов Ч. Кыргызстан санарипке өттү // Таза жол. – 2015., 20-июнь, №20-21 (396-397)

11. Узбекистан до 2018 года полностью перейдет на цифровое телевидение. 07.2015. Интернет-издание телерадиокомпании СТВ: новости Узбекистана / технологии / ТОП, 07.07.2015. http://stv.uz/news/newsuz/2069-uzbekistan-do-2018-goda-polnostyu-pereydet-na-cifrovoe-televidenie.html

12. Юсупов Д. Көрармандардын шартына көңүл бурулат // Кыргыз туусу. – 2015. – 28-апрель,4-бет.

Рецензенттер: Орунбеков Б. – филология илиминин кандидаты, КТУ “Манас университетин” доценти

Акматова В.С. – филология илиминин кандидаты И. Арабаев ат. КМУнун доценти